Педагогикалык кеңешмеде

кабыл алынды

протокол №1 30.08.21

Бекитемин:

Мектеп директору: Чотуралиев И.А.

## Класс жетекчилик жөнүндө

## ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Класс жетекчилик – бул мугалимдин класстык окуучулардын коллективинде баланы тарбиялоого багытталган кесиптик ишмердиги. Класс жетекчиси – класстык жамааттын ар кандай тарбиялык иш-аракеттери аркылуу коом менен баланын ортосундагы мамилелердин системасын уюштурган, ар бир баланын жекече өзүн көрсөтүүсү үчүн шарттарды түзгөн жана тарбиялоо процессинде анын ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырган кесипкөй мугалим.

1.2. Класс жетекчинин ишмердүүлүгү демократиялык, гуманизм, жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыктуулугу, балдардын өмүрү жана ден соолугу, жарандык, инсандын эркин өнүгүү принциптерине негизделет. Класс жетекчинин иши – бул бүткүл билим берүү мекемесинин билим берүү программасынын негизинде курулган максаттуу, системалуу, пландуу иш-аракет, буга чейинки ишмердүүлүктөрдү талдоо, коомдук турмуштагы позитивдүү тенденциялар, окуучуга багытталган мамилеге негизделген, мугалимдер коллективинин алдында турган кечиктирилгис милдеттерди эсепке алуу.

1.3. Мекеменин директору мугалимди мектеп үчүн буйрук менен класстык жетекчиликке дайындайт жана бошотот, ага класстык жетекчиликти дайындоо жөнүндө мугалим менен кошумча келишим түзөт. Класс жетекчисинин ишине тикелей жетекчиликти мектептин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары ишке ашырат.

1.4. Класс жетекчиси өз ишин мектеп администрациясы, мектеп жана класстын окуучуларынын өз алдынча башкаруу органдары, окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), класстык жана жалпы мектептик ата-энелер комитеттери, соцпедагог, мугалим менен тыгыз байланышта жүргүзөт.

## 2. Класс жетекчинин максаттары жана милдеттери

2.1. Класс жетекчинин иш-аракетинин максаты окуучунун инсандыгын өзүн-өзү өнүктүрүүгө жана ишке ашырууга, анын коомдо ийгиликтүү социалдашуусуна шарт түзүү болуп саналат.

2.2. Класс жетекчисинин милдеттери:

• класста окуу-тарбия процессин уюштуруу жана координациялоо;

• ар бир баланын социалдашуусун камсыздоочу чөйрө катары класстык жамаатты түзүү

• класстык коллективдин тарбиялык иш-аракетинин ар кандай формалары аркылуу мамилелердин системасын жана системалуу иштерди уюштуруу;

• ар бир окуучунун инсандык өнүгүүсү үчүн жагымдуу психологиялык-педагогикалык шарттарды түзүү, өзүн-өзү ырастоо, оригиналдуулукту сактоо жана анын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн ачуу;

• балдарда сергек жашоо образын жана эмгек мотивациясын, жигердүү жашоону, кесиптик позицияны калыптандыруу;

• окуучулар менен мугалимдердин ортосундагы мамилелерди гумандаштыруу;

•ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу;

• окуучулардын  укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;

• улуттар аралык мамилелердин маданиятын өнүктүрүү;

• окуучулардын адеп-ахлактык маанисин жана руханий багыттарын калыптандыруу;

• окуучуларды ар түрдүү коммуникативдик кырдаалдарга тартуу менен жамааттык жана жеке, чыгармачылык ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн уюштуруу.

## 3. Класс жетекчинин функциялары

3.1 окуучулардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

• өзгөчөлүктөрдү аныктоо жана класстык коллективдин өнүгүү динамикасын аныктоо;

• ар бир баланы үй-бүлөлүк тарбиялоонун абалын жана шарттарын изилдөө жана талдоо;

• мектеп чөйрөсүнүн жана чакан коомдун класстын окуучуларына тийгизген таасирин изилдөө жана талдоо;

• окуучулардын тарбиялануу жана индивидуалдык өнүгүү деңгээлин жана класстык жамааттын калыптануу этаптарын болжолдоо;

• билим берүү ишинин натыйжаларын болжолдоо;

• класста тарбиялоонун моделин куруу